КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН
КЫЗЫЛ-КЫЯ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО
КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ
КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КЫЗЫЛ-КИЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

# ЧЕЧИМ №37

13.04.2021ж. Кызыл-Кыя шаары

## №8155 УШКсында өткөрүлгөн шайлоодо «Клооп Медиа» коомдук фонудунун даттануусу жөнүндө

2021-жылдын 11-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңеш депутаттарын шайлоо боюнча Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча комиссиясына Кызыл-Кыя шаарынын №8155 участкалык шайлоо комиссиясынын аракеттерине «Клооп Медиа» коомдук фондунун даттануусун карап чыгып, төмөндөгүлөрдү белгилейт.

- №8155 УШК (Дворец) – эрте менен саат 8-$^{00}$ АСУ аппараты баштапкы чекти эки даана гана чыгарган. Чек байкоочуларга жетпей калган. Бирок, көчүрмөсү чыгарып берилген. Башка бирда жолу АСУ аппараты бузулган эмес.

Баяндалгандардын негизинде, «КыргызРеспубликасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын жана «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум боюнча Кызыл-Кыя аймактык шайлоо комиссиясы төмөндөгүдөй

**ЧЕЧТИ:**

1. «Клооп-Медиа» коомдукфондунун 2021-жылдын 11-апрелинде өткөрүлгөн №8155 даттануусун канааттандыруудан баш тартылсын. АСУ аппараттын операторуна мындан ары так жана ыкчам иштөөгө чакырылсын.

2. Ушул чечимдин көчүрмөсү «Клооп медиа» коомдук фондуна жөнөтүлсүн.

**Кызыл-Кыя аймактык шайлоо комиссиясынын торагасы** **Н.Жалиев**

**Кызыл-Кыя аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Э.Жусупова**